14. 2023-жылдын бюджетинен мүмкүнчүлүгү чектелген өтө муктаж жарандарга отун, көмүрдөн жардам берүүгө 100,0 мин сом жана СОЦ жардамдарга 200,0 мин акча каражаты бөлүнүп берилсин.

15. Кургак-Айрык айылындагы жыл ичинде жасалуучу иштерине 300,0 мин сом бөлүнүп берилсин,

16. Оргочор айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Суу бөлүмүнө жыл ичинде айылдын инфраструктурасын ондоо иштерине 130,0 мин сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

17. Оргочор айыл аймагы боюнча 7040 сом өлчөмүндө убактылуу келишимдин негизинде 3 (үч) штаттык бирдик жана ай сайын соц фонд чегерүүлөрү дагы эске алынсын 2023-жылдын 1-январынан баштап бекитилип берилсин.

18. 2022- жылдын карыздары 2023 – жылдын бюджетине каралган чыгымдардын эсебинен төлөө жүргүзсүн жана биринчи кезекте эмгек акы, соц.фонд, тамак-аш, коммуналдык чыгымдарга каралсын.

19. Айыл өкмөтунун башчысынын резервдик фонду 318,0 мин сом өлчөмү бекитилсин.

20. Жергиликтүү бюджет 2023-жылдын 1-январь айына накталай жүгүртүүлүчү акча каражаты 150,0 мин сом өлчөмүндө жүргүзүлсүн.

21. 2023–жыл ичинде түзүлгөн кырдаалга жараша акча каражатын статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруу айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына жүктөлсүн. Бекитилген бюджеттин бөлүнгөн тизмеси толугу менен тиркелсин.

22. Каралган жергиликтүү бюджетти бекитип берүү жагы райондук финансы бөлүмүнөн суралсын.

23. Бул токтомдун массалык маалымат каражаттарына жарыялоо жагы жана юстиция министрлиги тарабынан ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү боюнча иш жүргүзүү айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Г.Мокешовага тапшырылсын.

24. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөөсү экономикалык реформа жана бюджет боюнча айылдык кеңештин алдындагы туруктуу комиссиясына жана Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

25. Токтом 2023-жылдын 18-январынан тартып күчүнө кирсин.

**Оргочор айылдык кеңешинин төрагасы: У.Дыйканбаев**